<u>**Коммерциялык банктардын кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер**</u>

Банктык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер валюталардын түрлөрү боюнча (улуттук же чет өлкө валюталары) төмөнкүлөр үчүн белгиленген:
- жеке ишкерлердин корпоративдик кардарлары (юридикалык жактар) үчүн;
- жеке кардарлар (жеке адамдар) үчүн.

2015-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча маалымат 23 коммерциялык банк тарабынан сунушталган.

- **Эсептешүү-кассалык тейлөө**

Отчеттук мезгил ичинде жеке адамдар үчүн *<u>эсептешүү эсеби</u>* 7 банктан тышкары, көпчүлүк коммерциялык банктарда *<u>акысыз</u>* ачылган.

1) «Оптима Банк» ААКсы – 100-200 сомго чейин (чет өлкө валютасында 100-200 АКШ долларга чейин);
2) «Банк Бакай» ААКсы - 100 сом;
3) «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК – 0-250 сомго чейин;
4) «Росинбанк» ААКсы - 100 сом;
5) «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК - 100 сом;
6) «РСК Банк» ААКсы – 0-300 сомго чейин (чет өлкө валютасында);
7) «Кыргыз-Швейцариялык Банк» ЖАК – 0-500 сомго чейин.

*Юридикалык жактар* үчүн төмөнкү банктар белгилүү бир тарифтерди белгилеген:

1) «Оптима Банк» ААКсы - 100 сомдон 200 АКШ долларына чейин (Бишкек шаары боюнча мультивалюталык эсепти ачуу, региондордо - акысыз);
2) «Азия Банкы» ЖАК –100 сом (чет өлкө валютасында);
3) «Бакай Банк» ААКсы – 200 сом;
4) «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК – 0-500 сомго чейин;
5) «Росинбанк» ААКсы - 100 сом;
6) «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы – 100 сомдон 200 сомго чейин (чет өлкө валютасында 100 сомдон 300 сомго чейин);
7) «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК - 100 сом;
8) «РСК Банк» ААКсы – 0-200 сомго чейин (чет өлкө валютасында 0-500 сомго чейин);
9) «Бай-Түшүм» Банкы ЖАК- 200 сом;
10) «Кыргыз-Швейцариялык Банк» ЖАК – 1000 сом.

Ал эми калган банктар аталган кызматты акысыз негизде сунушташкан.

- **Нак эмес акча которуулар**

*<u>Банктар аралык төлөм системалары боюнча төлөмдөрдү жүргүзүү.</u>*

2015-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча *<u>эсептешүүлөрдүн гросстук системасында</u>* которууларга тарифтер бир төлөм үчүн 100 сомдон 200 сомго чейин өзгөрүлүп турган. Эгерде кардарга төлөмдү 16:30 кийин жөнөтүү зарыл болсо, анда мындай кызмат көрсөтүүнүн наркы «Кыргызкоммерцбанк» ААКсында 1 100 сомду түзөт. *Клиринг системасы* боюнча төлөмдөрдү иштеп чыгуу наркы 2014-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өзгөрбөстөн, отчеттук мезгил ичинде бир төлөм үчүн 2 сомдон 70 сомго чейинки диапазондо өзгөрүлүп турган. «Кыргызкоммерцбанк» ААКсында кызматтын наркы бир төлөм үчүн 500 сомду түзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК Интернет-банкинг кызматы аркылуу клирингдик төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча кызматтарды төмөнкү тарифтер боюнча сунуштаган:
- 20 000 сомго чейинки сумма үчүн – 2 сом;
- 20 000,01ден 100 000 сомго чейинки суммалар үчүн – 15 сом;
- 100 000,01ден 500 000 сомго чейинки суммалар үчүн– 45 сом;
- 500 000,01ден 1 000 000 сомго чейинки суммалар үчүн – 60 сом.

Отчеттук мезгил ичинде *<u>тике дебеттөө</u>* боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкү 15 коммерциялык банк сунуштаган, ал эми 2014-жылдын 3-чейрегинде – 17 коммерциялык банк:
1) «Айыл банк» ААКсы;
2) РК «Аманбанк» ААКсы;
3) «Капитал Банк» ААКсы;
4) «Бакай Банк » ААКсы;
5) «ДемирКыргызИнтернешнлБанк» ЖАК;
6) «Дос-Кредобанк» ААКсы;
7) “Кыргызкоммерцбанк” ААКсы;
8) «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК;
9) «КыргызКредитБанк» ААКсы;
10) Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы;
11) «РСК Банк» ААКсы;

12) «Толубай Банк» ЖАК;
13) «Финанс Кредит Банк» ААКсы.
14) «Халык БанкКыргызстан» ААКсы;
15) «ЭкоИсламикБанк» ЖАК;

Отчеттук мезгилден тартып кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы өзгөрүүсүз калып, 3 сомдон 100 сомго чейинкини түзгөн. Айрым банктар мындай кызматтарды акысыз сунушташкан.

Коммерциялык банктардын интернет банкинг жана мобилдик банкинг сыяктуу инструменттерди колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөрү өнүгүүдө.

*Мобилдик банкинг*

Отчеттук чейрек ичинде мындай кызмат көрсөтүүлөрдү, өткөн жылдын 3-чейрегинде сыяктуу эле төмөнкү 7 коммерциялык банк сунуштаган:

1. «Оптима Банк» ААКсы – кызматка туташуу наркы – акысыз, бир ай үчүн абоненттик төлөмдүн наркы– 60 сом.
2. «Бакай Банк» ААКсы – акысыз.
3. «БТА Банк» ЖАК - Элкарт ээлери үчүн СМС билдирүү сунушталат. Төлөм бир ай жана бир жыл үчүн абоненттик төлөм катары алынат:
   - коммерциялык уюмдар жана жеке адамдар үчүн айына – 50 сом, жылына – 500 сом;
   - бюджеттик уюмдар үчүн айына - 30 сом, жылына - 300 сом.
4. «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК – кызматка туташуу акысыз, бир ай үчүн абоненттик төлөмдүн наркы улуттук валютада 60 сом, чет өлкө валютасында 1,5 АКШ доллар;
5. «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы – айына 1сомдон 50 сомго чейин;
6. «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы – айына 0дөн 150 сомго чейин (бул кызматты филиалдар гана сунушташкан);
7. «ЭкоИсламикБанк» ЖАК – айына 0дөн 750 сомго чейин;

*Интернет банкинг* – интернет аркылуу банктык эсепке кирүү мүмкүнчүлүгүнүн ыңгайлуу жана заманбап ыкмасы. Отчеттук мезгил ичинде интернет банкинг кызматын 19 коммерциялык банк, ал эми 2014-жылдын үчүнчү чейрегинде - 17 коммерциялык банк сунуштаган. Отчеттук чейректе тарифтер 0-600 сомго чейин барган. «Росинбанк» ААКсында аталган кызмат көрсөтүүнүн наркы 300 сомдон 1 000 сомго чейин, «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАКда – 0-2000 сомго чейин, «Финанс Кредит Банк» ААКсында – 0-2700 сомго чейин, ал эми «КыргызКредитБанк» ААКсында интернет банкинг кызмат көрсөтүүсүн каттоодон өткөртүү үчүн 2000 сомду түзгөн.

*Башка банктардын кардарларынын пайдасына* улуттук сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы *нак эмес акча которууларга тарифтер* юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн суммасына жараша орточо алганда 0,1 пайыздан - 0,25 пайызды түзүү менен мурдагы деңгээлде сакталып, 2014-жылдын үчүнчү чейрегине салыштырганда дээрлик өзгөргөн эмес.

*Банктын ичинде акча каражаттарын которуу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү* көпчүлүк банктар акысыз түрдө сунушташкан. «Финанс Кредит Банк» ААКсы, «Росинбанк» ААКсы, «БТА Банк» ЖАК, «Азия Банкы» ЖАК, РК «Аманбанк» ААКсы жана «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы сыяктуу банктарда банктын ичинде которууларга тарифтер 0,0-0,3 пайызга чейин өзгөрүлүп турган. «ДемирКыргызИнтернешнлБанк» ЖАКта улуттук валютада бир которуу үчүн белгиленген чен – 10 сомду, чет өлкө валютасында – 100 сомду, ал эми «РСК Банк» ААКсында 10 сомду түзгөн. «ЭкоИсламикБанк» ЖАКда улуттук жана чет өлкө валютасында белгиленген нарк 10 сомду түзгөн.

*Эсеп ачуусуз акча которуулар.*

Кыргызстандын калкында акча которуу системасы чоң суроо-талапка ээ. Бул системалардын негизги милдетинен болуп, дүйнөнүн кайсы болбосун жерине акчаны тез алуу/жөнөтүү мүмкүнчүлүгү саналат.

Отчеттук мезгил ичинде банктар акча которуунун 13 локалдык системасын (2014-жылдын 3-чейреги ичинде – 14 локалдык системасын) колдонгон:

| № | Коммерциялык банктын аталышы | Системанын аталышы |
|---|---|---|
| 1 | «Айылбанк» ААКсы | Береке |
| 2 | РК «Аманбанк» ААКсы | Беркут |
| 3 | «Капитал Банк» ААКсы | CapitalTransfer |
| 4 | «Азия Банкы» ЖАК | Азия Экспресс |
| 5 | «Банк – Бакай» ААКсы | Бакай - трансфер |
| 6 | «Дос-Кредобанк» ААКсы | Аманат |
| 7 | «БТА Банк» ЖАК | БТА транзит |
| 8 | «Кыргыз Инвестициялык-Кредит Банкы» ЖАК | Money Stream |
| 9 | «КыргызКредитБанк» ААКсы | Береке |
| 10 | «Коммерциялык Банк Кыргызстан» ААКсы | Аргымак |
| 11 | «РСК-Банк» ААКсы | Кыргызтрансфер |
| 12 | «Эко Исламик Банк» ЖАК | Экоперевод |
| 13 | «Бай Түшүм Банкы» ЖАК | Ылдам |
| 14 | «Кыргыз-Швейцария Банкы» ЖАК | Береке |
| 15 | «ФИНКА Банк» ЖАК | Тулпар |

2015-жылдын отчеттук мезгил ичинде «Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банк» ЖАК калкка төлөм терминалдары аркылуу кызмат көрсөтө баштаган:

- эсептешүү эсебин улуттук валютада толуктоо – 0 сом, чет өлкө валютасында – толтурган суммадан 0,25 пайыз;
- карт эсебин улуттук жана чет өлкө валютасында толуктоо – 0 сом;
- улуттук жана чет өлкө валютасында кредиттин ордун жабуу (эсептешүү эсебин толуктоо) – 0 сом.

Ошондой эле өлкөнүн коммерциялык банктары тарабынан акча которуулардын эл аралык системасынын 15 түрү боюнча кызматтар сунушталган, алардын тарифтери валютанын түрүнө жана алуучу-өлкөгө жөнөтүүгө жараша системанын тарифтик торчосу боюнча белгиленет. Тарифтер системанын түрүнө жана акчанын суммасына жараша 0,0 пайыздан 4,8 пайызга чейин (2014-жылдын 3-чейреги ичинде – 0,1ден 4,8 пайызга чейин) өзгөрүлүп турган. Мында «Толубай Банк» ЖАКтын тарифтери 20,0 пайызга чейин жетип турган, ал эми «Капитал Банк» ААКсында – 26,0 пайызга чейин (чет өлкөлөргө «Western Union» акча которуу системасы боюнча төлөмдөрдү өткөргөн учурда).

1-таблица. Акча которуулар боюнча кызмат көрсөтүүлөр

| № | Коммерциялык банктын аталышы | WESTERN UNION | MONEY GRAM | CONTACT | ЛИДЕР | UNI STREAM | InterExpress | BLIZKO | БЫСТРАЯ ПОЧТА | АНЕЛИК | CASPIAN | ЗОЛОТАЯ КОРОНА | FASTER | Салам | F5 | Xpress Money |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айыл банк» ААК | + | + | + | + | + |  |  |  |  |  | + | + |  |  |  |
| 2 | «РК Аманбанк» ААК | + | + | + | + | + |  | + |  | + |  | + |  |  | + | + |
| 3 | «Оптима Банк» ААК | + | + | + | + | + |  | + |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 4 | «Капитал Банк» ААК | + |  | + | + | + |  | + |  | + | + | + | + | + |  |  |
| 5 | «Азия Банкы» ЖАК | + | + | + | + | + |  | + |  | + | + | + | + |  |  |  |
| 6 | «Банк Бакай» ААК | + | + |  | + | + | + |  | + |  |  | + |  |  |  |  |
| 7 | «ДКИБ» ЖАК | + | + |  |  | + |  |  |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 8 | «Дос-Кредобанк» ААК | + | + | + | + | + |  | + |  |  |  | + | + |  |  |  |
| 9 | «БТА Банк» ЖАК | + | + | + | + | + | + | + |  | + | + | + | + |  | + |  |
| 10 | «Росинбанк» ААК | + | + | + | + | + |  | + |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 11 | «Кыргызкоммерцбанк» ААК | + |  | + |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |
| 12 | «КИКБ» ЖАК | + |  | + |  | + |  |  |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 13 | «Кыргызкредит Банк» ААК | + | + | + | + | + |  | + |  | + |  | + |  | + |  |  |
| 14 | «КБ Кыргызстан» ААК | + | + | + | + | + |  | + |  |  |  | + | + |  |  |  |
| 15 | Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | + |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |
| 16 | «РСК Банк» ААК | + | + | + | + | + |  |  |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 17 | АКБ «Толубай» ЖАК | + |  | + | + | + |  |  |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 18 | «ФКБ КАБ» ААК |  | + | + | + | + |  |  |  | + |  | + | + | + | + | + |
| 19 | «Халык Банк Кыргызстан» ААК | + | + | + | + | + |  |  |  |  |  | + |  |  |  |  |
| 20 | «Экоисламикбанк» ЖАК | + | + | + | + | + | + | + |  | + |  | + |  |  |  |  |
| 21 | «Бай-Түшүм» Банкы ЖАК | + |  | + | + | + |  |  |  | + |  | + |  |  |  |  |
| 22 | «КШБ» ЖАК |  |  | + |  | + |  |  |  | + |  | + |  |  |  |  |
| 23 | «ФИНКА Банк» ЖАК |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |  |
|  | Кызматты сунуштаган банктардын жалпы саны | 20 | 15 | 19 | 17 | 20 | 3 | 10 | 1 | 9 | 3 | 20 | 7 | 3 | 3 | 2 |

2015-жылдын кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктар 2014-жылы иштеген PRIVAT MONEY, COINSTAR, БТФ СОЮЗ, МОПС, ИТБ, BEGOM аттуу акча которуу системалары менен кызмат көрсөтүүлөрүн токтотушкан. Ал эми «БТА Банк» ЖАК менен «РК Аманбанк» ААКсы отчеттук мезгилде «F5» акча которуу системасы, «Капитал Банк» ААКсы менен «Финанс Кредит-Банк» ААКсы - «Салам» акча которуу системасы, «Росинбанк» ААКсы - Money Express акча которуу системасы боюнча кызмат көрсөтө башташкан.

- **Документардык операциялар**

Документардык операциялардын негизги түрлөрүнөн болуп *аккредитивдер, инкассо* жана *банктык гарантиялар* саналат.

Отчеттук мезгил ичинде *аккредитив берүү* боюнча кызматтарды 18 коммерциялык банк жүзөгө ашырган (2014-жылдын ушул эле мезгилинин ичинде – 19 банк), кызмат көрсөтүүнүн наркы суммасына жараша орточо алганда 0,1 пайыздан 2,0 пайызга чейинкини түзгөн.

*Аккредитивди тастыктоо* кызматына тарифтер, негизинен тараптардын макулдашуусу боюнча алынган, айрым банктарда ал 0,1 пайыздан - 0,3 пайызга чейин түптөлгөн.

*Банктар тарабынан гарантия берүү* кызматынын тарифтери бүтүмдүн суммасына жараша 0,1 пайыздан 8,0 пайызга чейин жетип турган же чейрек ичинде бир жолу гарантиянын суммасына жараша алынган.

- **Жол чектери менен операциялар**

Отчеттук мезгил ичинде жол чектерин сатуу (берүү) менен Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы иш алып барган. Чек аркылуу нак акча каражаттарын сунуштоо боюнча кызмат көрсөтүүнүн наркы сумманын 3,0 пайызын, минималдуу комиссия 75 АКШ долларын түзгөн.

- **Банктык төлөм карттарды тейлөө**

Отчеттук чейрек ичинде эмиссия, эквайринг жана кардарларды төлөм карттары боюнча эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү «ФИНКА Банк» ЖАКтан тышкары, бардык коммерциялык банктар сунуштаган.

«Элкарт» улуттук төлөм системасынын карты боюнча төмөнкү коммерциялык банктан тышкары, 19 банк (2014-жылдын 3-чейреги ичинде – 20 банк) сунуштаган:

- «РСК Банк» ААКсы;
- «Оптима Банк» ААКсы;
- «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы;
- «ФИНКА Банк» ЖАК.

Банктар картты колдонуу үчүн эсептерди акысыз түрдө ачкан, бир гана «Эко Исламик Банк» ААКсы – 200 сом, «Айылбанк» ААКсы - 100 сом жана «ФинансКредитБанк» ААКсы - 90 сом алган. АКБ «Толубай» ЖАКта өзгөчө дизайны менен «Элкарт» картын берүү 280-350 сомду түзгөн. «Элкарт» банктык төлөм карттын өзгөчөлүгү болуп социалдык долбоорлорду ишке киргизүүдө анын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле банкомат жана терминал түйүнүнүн кеңири инфраструктурасы саналат.

2-таблица. «Элкарт» картын тейлөө боюнча банктардын тарифтери

| № | Коммерциялык банктын аталышы | Эсепти ачуу | Карт берүү | Акчалай берүү (суммадан % ) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Айыл банк» ААКсы | 0-100 сом | 0-100 сом<br>ж/т* - 100 сом | 0-0,6% |
| 2 | РК «Аманбанк» ААКсы | акысыз | акысыз | 0,35-0,6% |
| 3 | «Капитал Банк» ААКсы | акысыз | 100-150 сом<br>ж/т* - 100-200 сом | 0,3-0,6% |
| 4 | «Азия Банкы» ЖАК | акысыз | 0-150 сом | 0-0,6% |
| 5 | «Банк Бакай» ААКсы | акысыз | акысыз | 0,5-0,6% |
| 6 | «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» ЖАК | | | 0-0,5% |
| 7 | «Дос-Кредобанк» ААКсы | акысыз | акысыз<br>ж/т* - 120 сом | 0,3-0,6% |
| 8 | «БТА Банк» ЖАК | акысыз | 0-120 сом<br>ж/т* - 0-150 сом | 0-0,6% |
| 9 | «Росинбанк» ААКсы | акысыз | акысыз<br>ж/т* - 0-100 сом | 0-0,6% |
| 10 | «КИКБ» ЖАК | акысыз | акысыз | 0-0,6% |
| 11 | «Кыргызкредит Банк» ААКсы | | 150 сом | 0-0,6% |
| 12 | «КБ Кыргызстан» ААК | акысыз | акысыз<br>ж/т* - 100-200 сом | 0,4-0,6% |
| 13 | Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалы | акысыз | 70 сом (картты тез берүү - 500 сом) | 0-0,6% |
| 14 | АКБ «Толубай» ЖАК | акысыз | 120 сом (индивидуалду дизайн үчүн 280-350 сом )<br>ж/т* - 100 сом | 0,3-0,6% |
| 15 | «ФинансКредитБанк» ААК | 90 сом | акысыз<br>г/о* - 100 сом | 0-0,6% |
| 16 | «Халык Банк Кыргызстан» ААК | | | 0,60% |
| 17 | «ЭкоисламикБанк» ЖАК | 200 сом | 200 сом | 0-0,6% |
| 18 | «Бай Түшүм» Банкы ЖАК | акысыз | акысыз | 0-0,5% |
| 19 | «Кыргыз-Швейцария Банкы» ЖАК | акысыз | 90 сом<br>ж/т* - 100 сом | 0,2-0,5% |

*жылдык тейлөөгө алгандыгы үчүн комиссия

Үчүнчү чейректе «Росинбанк» ААКсы «Union Pay» кытай төлөм системасынын төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө боюнча ишин уланткан.

Ошентип, «Visa» «MasterCard» жана Union Pay эл аралык төлөм карттарын чыгаруу жана тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү төмөнкү 13 коммерциялык банк сунуштаган. Отчеттук мезгил ичинде «Бай Түшүм» Банкы ЖАК «Visa» карттарын чыгара башташкан.

3-таблица. Банктардын эл аралык төлөм карттарын тейлөө боюнча тарифтери

| № | Коммерциялык банк | Эсепти ачуу | Картты берүү (чыгаруу) | Нак алуу |
|---|---|---|---|---|
| 1 | «Аманбанк» ААКсы | Акысыз | Master Card-акысыз; жылдык тейлөө үчүн комиссия - MasterCard - 200 сом, 4 USD, 2 EUR. | 0-2,0% |
| 2 | «Оптима Банк» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA – 0-50 АКШ долл. чейин (карттын түрүнө жараша камсыздандыруу депозит – 0-100 АКШ долл.; жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-500 АКШ долл.) | 0-0,7% |
| 3 | "Азия Банкы" ЖАК | Акысыз | VISA International – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-2000 сом; 0-20 USD) | 0-1,0% |
| 4 | «Банк Бакай» ААКсы | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5-99 АКШ долл.) | 0,7-1,25% |
| 5 | «Демир Кыргыз Интернэшнл банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold, Platinum –акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-5000 сом) | 0,0-2,0% |
| 6 | «БТА Банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5 -120 АКШ долл.) | 0,5-1,25% |
| 7 | «Росинбанк» ААКсы | Акысыз | VISA, Union Pay – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия: VISA – 0-2040 сом, Union Pay - 204-2020 сом) | Visa - 0,5-1 %, UnionPay - 0,5-2% |
| 8 | «Кыргызкоммерцбанк» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA/MasterCard – 5-100 АКШ долл. чейин (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 5-130 АКШ долл.) | VISA/Master Card 0,5-2,0% |
| 9 | «Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банк» ЖАК | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-70 АКШ долл.) | 0,5-1,5% |
| 10 | «КБ Кыргызстан» ААКсы | Акысыз | Карттардын түрлөрүнө жараша VISA – 0-300 сомго чейин (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-1000 сом) | 0,3-1,5% |
| 11 | «РСК Банк» ААКсы | 0-2500 сом | VISA (бардык түрлөрү) – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-4000 сом) Master Card - акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-2000 сом) | VISA/ Master Card 0,5-1% |
| 12 | «Халык Банк Кыргызстан» ААКсы | Акысыз | VISA Electron, Classic, Gold – акысыз (жылдык тейлөө үчүн комиссия – 0-11830 сом) | 0,3-1,4% |
| 13 | «Бай Түшүм» Банкы ЖАК | Акысыз | Visa - акысыз (Карттардын түрлөрүнө жараша жылдык тейлөө үчүн комиссия Visa - 0 до 2500 сом) | 0,4 - 1,0% (1% + 200 сом - 3 USD башка банктардын POS терминалдарында) |

«Золотая Корона» системасы боюнча 4 коммерциялык банк иш алып барган. Бул система боюнча эсепти ачуу жана картты берүү 0-500 сомго чейинкини түзгөн. Нак акчага айландыруу боюнча тарифтер 0-1,5 пайызга чейин өзгөрүлүп турган:

- «РСК Банк» ААКсы;
- «Коммерциялык банк Кыргызстан» ААКсы;
- «Аманбанк» ААКсы;
- «Эко Исламик Банк» ЖАК.

- **Депозиттер боюнча операциялар**

*Юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн депозиттер боюнча пайыздык чендер.*

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктар мөөнөттүү жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттерге калктын (юридикалык жактардын жана жеке адамдардын) аманаттарын кабыл алган:

*Юридикалык жактар үчүн:*

- талап боюнча төлөнүүчү депозиттер орточо алганда улуттук валютада 0,0 – 9,0 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0,0 – 3,0 пайызга чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгилинде улуттук валютада 0 – 2 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 0 – 1 пайызга чейин);
- улуттук валютада 3 – 6 айга чейинки депозиттер 3,0% - 15,0% чейин, чет өлкө валютасында 0%-11,0% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын 3 чейрегинде – тиешелүүлүгүнө жараша 2,0-15,0%

жана 0,1-12,0%);

- улуттук валютада 6 – 12 айга чейинки депозиттер 2,0%-15,0% чейин, чет өлкө валютасында 0,7%-12,0% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 2,5-15% улуттук валютада жана 0,5-12,5% чет өлкө валютасында);
- 12 айдан жогору улуттук валютадагы депозиттер 2,5%-17,5% чейин, чет өлкө валютасында 1,0% - 15,3% чейинкини түзгөн (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде улуттук валютада да, чет өлкө валютасында 2,5% -16,0% чейин).

*Жеке адамдар үчүн:*

- улуттук жана чет өлкө валюталарындагы талап боюнча төлөнүүчү депозиттер 0,0%-5,0% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгил ичинде улуттук валютада 0-2% жана 3,0%, чет өлкө валютасында 0,0-2,0%);
- улуттук валютадагы 3 – 6 айга чейинки депозиттер 2,8%-15,0% чейин, чет өлкө валютасында 0,0%-11,7% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 0,0-15,0% жана 0,0-12,0%);
- улуттук валютадагы 6 – 12 айга чейинки депозиттер 2,0% -15,5% чейин, чет өлкө валютасында 0,5% – 13,0% чейин өзгөрүлүп турган (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 4,0-15,0% жана 0,6-18,0%);
- улуттук валютадагы 12 айдан жогору депозиттер 2,5%- 17,5% чейин, чет өлкө валютасында 1,0% - 15,3% чейин (2014-жылдын ушул эле мезгил ичинде тиешелүүлүгүнө жараша 2,5-17,5% жана 1,0-15,0%) түзгөн.

- **Кредиттер боюнча операциялар**

*Кредиттер боюнча пайыздык чендер (жылдык эсептөөдө).*

Отчеттук мезгил ичинде кредиттерди берүү боюнча 23 коммерциялык банк иш алып барган. «ЭкоИсламикБанк» ЖАК ислам принциптери боюнча каржылоону жүзөгө ашырган.

Банктар тарабынан кредитти берүү жана кредиттик линияны ачуу үчүн комиссия кредиттин суммасынын 0,0%-2,0% чейинки деңгээлде белгиленген. Мында, айрым банктарда кредитти пролонгациялоо үчүн комиссия 5,0 пайызды түзгөн.

Кредиттин түрлөрү боюнча пайыздык чендер төмөнкү диапазондордо өзгөрүлүп турган:

- улуттук валютада ипотекалык кредиттөө 16,0 пайыздан 35,0 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 12,0 пайыздан 24,0 пайызга чейин (2014-жылдын 3-чейрегинде улуттук валютада 2,1%- 42,4% чейин, чет өлкө валютасында 1,8%- 37,5% чейин) өзгөрүлүп турган.
- улуттук валютада керектөө кредиттери жылына 16,5 пайыздан 35,5 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 10,0 пайыздан 35,5 пайызга чейинкини түзгөн (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде улуттук жана чет өлкө валюталарында 2,9 пайыздан – 36,0 пайызга чейин).
- бизнести өнүктүрүүгө кредиттөө – улуттук валютада жылына 12,0 пайыздан 35,5 пайызга чейин, чет өлкө валютасында жылына 12,0 пайыздан 33,0 пайызга чейин катталган (2014-жылдын тиешелүү мезгил ичинде улуттук валютада 2,1 – 42,4 пайызга чейин, чет өлкө валютасында 1,8 – 37,5 пайызга чейинкини түзгөн).

Ислам принциптери боюнча каржылоонун алкагында, «ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын ипотекалык кредиттөөгө берген кредиттери улуттук валютада 2,3 – 94,1 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 1,7 – 65,7 пайызга чейинкини түзгөн, ошол эле учурда керектөө кредиттери боюнча - 2,9 – 40,4 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 2,4 – 33,0 пайызга чейин катталган. Банк отчеттук мезгил ичинде бизнести өнүктүрүүгө кредиттерди да сунуштаган, ал боюнча пайыздык чендер улуттук валютада 2,9 – 62,8 пайызга чейин, ал эми чет өлкө валютасында 1,8 – 37,5 пайызга чейин өзгөрүлүп турган.

2015-жылдын отчеттук чейреги ичинде ипотекалык кредиттерди кошо алганда, курулушка жана турак жай сатып алууга кредиттерди 14 коммерциялык банк сунуштаган. Керектөө кредиттерди 21 банк, бизнести өнүктүрүү үчүн кредиттерди 23 банк сунуштаган.

2015-жылдын 3-чейрегинде «Азия Банкы» ЖАК «Овердрафт» кредиттерин сунуштаган, ал улуттук жана чет өлкө валюталарында 20,0%-36,0% чейинкини түзгөн.